992

Абдрахманов Ибрай

# Манастын ашы.

2-1.

Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 992
10/I 47
Киргиз. ФАН СССР гор. Фрунзе
139 с

Институт языка, литературы и истории
Рукописей
№ 185
139 с
1979 г.
ФАН КИРГ

1946 г.

## Башкы сөз.

мен 7–8 жашымдан баштап эле Ысак – Колдогу болгон ыстыктык жомокчулардын айтуун көрүп, айткандарын 15–20 жылдан үчүн жүрдүм. Манастын ашын Семетей бергендигин айтышар эле. Ал жомокчулардын айткандарынан эсимде калган кай бир үзүндүлөрүн бердиси.

| № | Мазмуну. | бет-теси | бетке |
|---|---|---|---|
| 1. | Түшүнүк | 1 | 5 |
| 2. | Семетейдин сөзү | 5 | 6 |
| 3. | Бакайдын сөзү | 6 | 7 |
| 4. | Сары кандын сөзү | 7 | 8 |
| 5. | Канышейдин сөзү | 8 | 8 |
| 6. | Болокбайдын сөзү | 8 | 9 |
| 7. | Аргын, ногойду кеңешке чакырганы (Семетейдин сөзү). | 9 | 15 |
| 8. | Бакайдын сөзү | 15 | 18 |
| 9. | Канышейдин сөзү | 18 | 20 |
| 10. | Кара кесектин сөзү | 20 | 28 |
| 11. | Сары кандын сөзү | 28 | 29 |
| 12. | Ормонбектин сөзү | 29 | 34 |
| 13. | Ашка даярдык | 34 | 35 |
| 14. | Аргын, ногойдун Чыйго көчүшү. | 35 | 39 |
| 15. | Ашка эл чакырганы | 39 | 49 |
| 16. | Ашка элдин келиши | 49 | 62 |
| XVII. | Коноктордун күтүшү | 62 | 64 |
| XVIII. | Байге жана оюндардын белгилөө. | 64 | 75 |
| XIX. | Кешенеге аягысы | 75 | 77 |

| | | |
|---|---|---|
| 20. Жаныбек бырчанын жары | 77 | 78 |
| 21. Жаныкейдин кошогу | 78 | 89 |
| 22. Эт тартуу | 89 | 91 |
| 23. Кешегеге ат чабуу | 91 | 101 |
| 24. Элге мүчө берүү | 101 | 108 |
| 25. Балбан күрөшү | 108 | 110 |
| 26. Эжичи күрөшү | 110 | 112 |
| 27. Тоо чечүү | 112 | 116 |
| 28. Таз чабышы | 116 | 120 |
| 29. Эр эңиши | 120 | 122 |
| 30. Эр сайышы | 122 | 126 |
| 31. Ат чабышы | 126 | 137 |
| 32. Аштын тарашы | 138 | |




## Түшүнүк

Семетей атасы Манастын,
Конушуна келип конуп,
Кас санашкан душмандардын,
Көңүлдөрүнө ала тоодай кайгы толуп.
Акылсыз(ген) душмандарды,
Ажыдаардай оп тартып соруп,
Айбатын уккан душмандар,
Аласта жатып коруп.
Манастын ордосун Таласка кайта куруп,
Кайыр айткан душмандардын,
Моюндарын толгоп жулуп. 23
Өткөрбөй өчүн алып,
Кектирбей кегин алып,
Керсейген душмандардын баштарына,
Кетпей турган кейиш салып.
Жакып хандай жалмап,
Абыкени айлап.
Көбөштү корго киргизип.
Көп душманды итирип.
Кырк чоронун кырып,
Калмыштары болгон үчүн кармап.
Чыңалышкан душмандарды,
Кол, буттарын чынжырлап байлап,

Чынкожо менен Толтойду,
Жолун чыгарбай жайлап!
Белинбекеси буут,
Бээжиндеги Коңурбайдан,
Берен атасы Манастан кунун куум.
Белине саадак байланып,
Бээр Бээжинди алганым!
Коңурбайдын түшүндөгөн жалкылсын,
Туркмөө тугун көтөрө айдап,
Алтын сан кара ногойго болуп кылам,
Коңурбай менен Нескараны олуп калам!
Жайкы кунун кыш калат,
Кытай менен калмактар,
Башы көтөргүлбөй машы калат!
Аргын менен ногойду, 25
Калыбына келтирип,
Жас санаган душмандын,
Калмакы келген ишүдүгүн,
Баштарына жеткирип.
Аргын, ногой эки журт,
Сессетей келип оңолуп,
Сертишкен душман жоголуп,
Канакей келип оңолуп,
Кастакашкан душман жоголуп.
Аргын менен ногойдун,



Эл аягы тынч болуп,
Салтанаты күч болуп,
Коштоп жоготон көп душмандан,
Көрдүк көрүп сыйлык болуп.
Аргын, ногой элине,
Абакеси Бакайдай,
Акыл-насаат айтып турат,
Арстан Манас бар кезде,
Жаш кетилүү жан калат,
Сары кандагы хан калат,
Кандагы журтка даң калат!
Жери Талас жай болуп,
Жергелүү журту бай болуп,
Тилигүүнө сотгону, 26
Калсыр элди тай болуп,
Жегени аппак май болуп,
Жардаа деген жүк калбай,
Кыз, келиндер күлгөнө,
Торгун, жибек, шай болуп.
Эр-азамат-жигиттер,
Салтанат жүгүн күч болуп,
Санаган иштер түз болуп,
Көргөнү жыргал түш болуп!
Ак бараң мылтык түздөшүп,
Адырдан аркар издешип.
Мылтыктан жүгүн булатат,

Бугудан атып сулатып.
Күндө күлүк таптасып,
Аргын менен ногойдун,
Кулунун көргөн мактасып.
Айда күлүк таптасып,
Аргын менен ногойдун,
Аркылган ишин мактасып.
Күндүзү кара кыш бөркчү,
Төбөсү кара ишибөркчү,
Аргын, ногой журтуна,
Биргин басыка кийгизип,
Түндүгү күмүш боз үйгө,
Абасы Бакай, Сары хан,
Ыргайтын эсин киргизип, 31
Салынган журтка билгизип.
Күндүзү кара кыш бөркчү,
Аргын, ногой эки журту,
Ыргап калган кезинде,
Манастын бары чагындай,
Жыргап калган кезинде.
Кара - Буура, Чаткалга,
Конуп калган кезинде,
Аргын, ногой эки журту,
Манастын бары чагындай,
Оңуп калган кезинде, Дөөлөтү өсүп дүркүрөп,
Толуп калган кезинде. Кара - Буура, Чаткалды, жайлап калган кезинде
Эң кедейлер миң жылкы, Айдап калган кезинде.



Кара - Буура, Чаткалда,
Кайкалып ногой жайканда,
Аргын, ногой эки журту,
Карк дөөлөткө байканда!
Жабалган төрө Семетей,
Алтын сарай коргондо,
Ай чырактуу ордодо,
Бир күнү жатып ойлонуп,
Оң жагына толгонуп,
Ордунан туруп октолуп,
Тура албастан токтолуп.
Канчорого акырып,
„Келбери!" деп чакырып.
„Жасабардын уулу Канчоросу, 27
Карапды мага жан жоросу!
Абакем Бакай, Сары хан,
Алардын айткан сөзү дары хан.
Төштөнтөн Төлөкбай,
Төкөр уста Бөлөкбай.
Токтолбостон барып кел,
Аларды чакырып мында алып кел!"
Эр Канчоро ат минип,
Аялдабай бат минип,
Барып кабар бергени,
Сары хан, Бакай, Бөлөкбай,
Эр Семетей султанга,
Токтолбой жетип келгени.

II. Семетейдин сөзү.